TURKPA
PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC-SPEAKING COUNTRIES

Экономикалык кызматташтык боюнча комиссия

Сунуштама

COM/EC/REC/002/FINAL

**Жетинчи жыйын**
**8-Апрель 2019-жыл, Бакы**

# "ЖАЛПЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ӨНҮГҮШҮ: ТҮРКПА ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ИЛИМ ЖАНА ИШКЕРЛЕР ЧӨЙРӨСҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КӨП ТАРАПТУУ КЫЗМАТТАШТЫК"

***Парламенттик Ассамблея:***

ТҮРКПА мүчө-өлкөлөрүнүн ортосундагы жагымдуу экономикалык алакалар жогорку деңгээлде экенин жана мүчө-өлкөлөрдүн бул багытта өзгөчө маанилүү орду бар экенин ***таануу менен***;

ТҮРКПА мүчө-өлкөлөрүнүн экономикасында жаңы технологиялардын жайылтылышын жана ийгиликтүү колдонулушун жогору ***баалоо менен***;

2018-жылдын 27-сентябрында Анкара шаарында өткөн ТҮРКПАнын Экономикалык кызматташтык боюнча комиссиясынын 6-жыйынында каралган ТҮРКПА мүчө өлкөлөрүндө инновациялык ишкердиктин келечеги аттуу теманын маанилүүлүгүн ***белгилөө менен***;

Түрк Тилдүү Мамлекеттердин Кызматташтыгы Кеңешинин (ТТМК) 2018-жылдын 3-сентябрында Чолпон-Ата шаарында болуп өткөн 6-саммити «Улуттук спорт жана жаштар чөйрөсүндөгү кызматташтык» аттуу темага арналгандыгын жогору ***баалоо менен***;

ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн Улуттук илимдер академияларынын окумуштууларынын жана мүчө-өлкөлөрдүн алдынкы университеттеринин илим изилдөө борборлорунун өз ара кызматташтыгын жогору ***баалоо менен;***

ТҮРКПА мүчө-өлкөлөрүнүн арасындагы илим жаатындагы байланыштарды мындан ары да өркүндөтүү керектигин ***белгилөө менен***;

Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) өнүктүрүү программасынын баштапкы кыймылдарды жана жаштардын бизнес идеяларын колдоо, инновациялар менен жаңы технологияларды ишке ашыруу боюнча “Идеядан ишкердике” деп аталган долбоорун ***кубаттоо менен***;

Тараптардын баарына пайдалуу болгон, ыңгайлуу жана натыйжалуу негиздеги биргелешкен механизмдерди жана практиканы түзүү жолу менен жаңы технологиялар боюнча илим менен ишкердикти айкалыштыруу процесстерин мындан ары дагы жакшыртуу зарылдыгына көңүл ***буруу менен***;

Дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүндө жаңы технологиялар боюнча илимий ачылыштар маанилүү рол ойноорун ***белгилөө менен***;

Инновациялык ойлоп табуулар боюнча тажрыйбасы мол өлкөлөрдүн жана алардын жаңы технологиялар жаатында практикаларын ***пайдалануу менен***;

Өндүрүштөрдө колдонулуп жаткан заманбап жаңы технологиялар боюнча мүчө өлкөлөр ортосунда кызматташууга муктаждык бар экенин ***белгилөө менен***;

***Мүчө-мамлекеттердин парламенттерине сунуштайт:***

a) Илимий изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге (ИИТКИ) жумшалчу чыгымдарды жогорулатуу, өндүрүшкө жаңы технологияларды киргизүү максатында ишканаларга экономикалык жагымдуу шартты түзүп берүүгө багытталган стимул берүүчү жеңилдетилген салык системасын түзүүнү;

b) Мүчө-өлкөлөрдүн инженердик-техникалык кадрларынын жана ошондой эле жогорку окуу жайларындагы илим изилдөө институттарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу;

c) Жаш ишкерлердин баштапкы ишмердүүлүгүнө шарт түзүп берүү максатында ишкерлерди колдоого багытталган мыйзамдарды карап чыгуу;

d) Дүйнөлүк экономикада жаңы технологиялардын тенденциясын талкуулап, анализ жүргүзүү үчүн мүчө-өлкөлөрдүн Улуттук илимдер академияларынын инновация менен алектенген институттарынын арасында тажрыйба алмашуу жана өз-ара кызматташтыкты өнүктүрүү;

e) Мүчө-өлкөлөрдө инновациялык өндүрүш жаатындагы мыйзамдык базаны өркүндөтүү максатында ТҮРКПАнын экономикалык кызматташуу комиссиясынын мүчөлөрүн жана тийешелүү эксперттерди жогорку технологияларды өнүктүрүү боюнча уюштурулган эл аралык экономикалык тематикалуу форумдарга жөнөтүп туруу;

f) Мүчө-өлкөлөрүнүн инновация боюнча мыйзамдарын өркүндөтүү максатында инвестиция жана инновация менен алектенген мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери менен Парламенттердин тийешелүү бөлүмдөрүнүн эксперттеринин ортосунда талкууларды уюштуруу;

g) ТҮРКПА мүчө-өлкөлөрүнүн парламенттеринин агрардык комитеттеринин ортосунда алакаларды түзүү, жаңы технологиялуу айыл-чарба техникалары боюнча тажрыйба алмашуу;

h) Жогоруда саналып өткөн механизимдердин баары жалпы инвестициялык-инновациялык программанын алкагында жана ТҮРКПА мүчө-өлкөлөрүнүн колдоосу астында каралышы керек.